Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын «Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы» аттуу темадагы 13.00.02 –окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ:

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** «Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасында» кыргыз тилин коомдун бардык чөйрөлөрүндө толук кандуу пайдалануу талабы коюлууда. Мына ушул талапка ылайык кыргыз тилин эне тили катары окутууда салттуу болуп эсептелген фонетикалык-грамматикалык билимдери билгичтиктери менен көндүмдөрүнөн тышкары дагы окуучулардын оозеки жана жазуу түрүндөгү кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү,башкача айтканда сүйлөгөнгө жана жаза билгенге үйрөтүү, ошону менен бирге тил аркылуу элдин руханий, маданий дөөлөттөрүн өздөштүрүү талабы коюлууда. Мына ушул өңүттөн алып караганда, Иманакунова Күлнар Шеримбековнанын макалдарды колдонуу менен окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү технологиясын иштеп чыгууга арналган кандидаттык диссертациясы актуалдуу жана учурдун талабына шайкеш келет.

Илимий эмгек алдыга коюлган максат-милдеттерге ылайык киришүүдөн, үч главадан, главалар боюнча чыгарылган

корутундулардан, изилдөөнүн жалпы жыйынтыктарынан, практикалык сунуштардан, библиографиядан жана тиркемелерден түзүлгөн. Иштин негизги тексти – 158 бет, адабияттар тизмеси 129 аталыштан турат.

**Киришүүдө** изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталып, эмгектин илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, ошону менен бирге коргоого коюлган негизги жоболору такталып, изденүүчүнүн жекече салымы, тажрыйбалык-эксперименттик базасы, изилдөөнүн этаптары так көрсөтүлүп, илимий конференциялардагы баяндамалар, илимий-методикалык журналдардагы (жалпы саны 14 жеткирилген) макалалар, бир методикалык колдонмо аркылуу апробациядан өткөрүү натыйжалары белгиленген.

Диссертациянын темасына байланыштуу педагогикалык маселени чечүүдө негиз боло турган "Макал жана алардын кыргыз тили сабагында колдонуунун теориялык, практикалык жалпы маселелери" деп аталган биринчи главасында диссертант тарабынан бул илимий багыттагы көптөгөн окумуштуулардын ой-пикирлери сын көз караш менен иликтенип чыгып, изилдөөнүн терминологиялык аппаратын түзүү жана тактоо, макалдардын дисциплиналар аралык, анын ичинде адабият таануу, кыргыз тил илими, кыргыз педагогикасындагы иликтенишинин абалы, ээлеген орду жана маңызы сыяктуу теориялык маселелерин талдоо аракеттери жасалган. Атап кетсек, кеп ишмердүүлүгүнө түздөн түз байланыштуу так, туура, сылык, логикалуу, орундуу, нарктуу, адептүү, ийкемдүү сүйлөө принциптери иликтенген. Бул главада жалпысынан

элдик оозеки чыгармачылыгы, анын ичинде макалдар кыргыздардын элдик педагогикасынын башаты катары каралып, бул тууралуу изилдөөчү тарабынан А. Эшиев, И. Бекбоев, Ж. Чыманов, Ж. Орозалиева, Ш. Усупбеков ж.б. окумуштуулардын жеке көз караштарына, берилген аныктамаларына жана бул терминдер аркылуу берилген түшүнүктөрдүн мазмунуна талдоо жүргүзүлүп, изилдөөнүн методологиялык негиздери жана илимий дидактикалык принциптери аныкталган. Бул главада автор И. Бекбоев, А. Измайлов, Ж. Койчуманов, С. Рысбаев ж.б. окумуштуулардын пикирлерине кошулуп, макалдарды элдик педагогиканын мыкты үлгүсү, негизи катары карап, ушул өңүттөн мамиле жасайт. Жогорудагы окумуштуулар менен бирге диссертациянын автору макал-лакаптарды педагог, мугалим, тарбиячы, ошондой эле лектор, жалпы идеология, маданият чөйрөсүндө эмгектенген кызматкерлерге адистигин өркүндөтүү, эне тилин терең өздөштүрүү, сөзмөр жана чечен болууга жардам бере турган курал катары карайт. Изденүүчү проф. С. Рысбаевдин монографиясындагы кыргыз тили сабагына жаңыча мамиле жасоону кубаттап, аны менен бирге сабактын максатын тилдин тыбыштык-грамматикалык түзүлүшүн өздөштүрүү менен бирге, тилдик материал катары кызмат өтөгөн элдик оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрү, анын ичинде макалдар аркылуу элдин жан-дүйнөсүн, салт-санаасын, улуттук өзгөчөлүгүн таанытуу, эне тилин баалап барктоо аркылуу улуттук аң-сезимди ойготуу, руханий кенчин сиңирүү, элдин-жердин биримдигин, түбөлүктүүлүгүн сезип туюуга, ага кызмат кылууга үйрөтүү каражаты экендигин баса белгилеген. Ушул эле главада изденүүчү К.Ш. Иманакунова окутуу

процессиндеги компетенциялык мамиле кылуу маселесине кайрылып, кыргыз тилин окутууда ар кандай компетенциялардын, алардын арасында таанып билүү, маданияттуу жүрүм-турум, баалуулук компетенцияларынын калыптанышынын шарттарын да кошо талдайт. Талдоонун натыйжасында коюлган максатты ишке ашырууга жана кийинки главаны жазууга зарыл болгон теориялык бүтүмдөр чыгарылып, каралып жаткан маселе боюнча диссертанттын жеке пикири берилет.

"Макалдарды кыргыз тили сабагында колдонуунун дидактикалык негиздери" деп аталган экинчи глава – бул диссертанттын педагогикалык илимге болгон жеке салымын, анын негизги педагогикалык идеяларын, концепциялык көз карашын ача турган бөлүм. Мында макалдарды колдонуу аркылуу окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн педагогикалык системасы аныкталып, анын теориялык модели түзүлгөн жана педагогикалык шарттары жетиштүү түрдө чечмеленген. Педагогикалык системасын аныктоодо диссертант байыркы философтор Сократ, Платон, Аристотель, Демокриттин, орто кылымдагы гуманист-дидакт Я.А. Коменский, агартуучу Ж.Ж. Руссонун, XIX кылымдагы чыгыш таануучу-тюрколог В.В. Радловдун, XX кылымдагы окумуштуу-педагог Ж.Н. Сулейменова, А.Э. Измайловдун, психолог В.В. Синельников ж.б. окумуштуулардын көз караштарын жетекке алып, алардын жалпы педагогика, куруктык психология жана педагогика, тил каражаттары (алардын ичинде макалдар) аркылуу тарбиялоо теориясы менен методикасына тиешелүү принциптерин талдап, аларды чыгармачыл

түрдө пайдаланган. Изилдөөчү К.Ш. Иманакунова жогоруда аталган мамиле кылуулар жана принциптер орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясын жаратууда зор роль ойнорун белгилеп, окуучулардын тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы изденүүчү сунуштаган окутуу системасынын маанисин ачык көрсөтө алган.

“Макалдарды сабактан тышкаркы иштерде колдонуу жана эксперименттик иштердин жыйынтыктары” деп аталган үчүнчү главасында изденүүчүнүн педагогикалык жеке ойлорун аппробациядан өткөрүү максатында Бишкек шаарындагы профессор А.Молдокулов атындагы №5 Улуттук компьютердик гимназиясынын, Бишкек шаарындагы №11 орто мектептин, Бишкек шаарындагы Т. Үмөталиев атындагы №67 мектеп-гимназиянын, Тоң районундагы Р. Жангазиев атындагы орто мектептин, Жети-Өгүз районундагы Д. Иманов атындагы орто мектептин, Ысык-Көл районундагы Э. Керимгазиев атындагы орто мектептин жогорку класстары жана мугалимдери тартылгандыгы, жалпысынан экспериментке 14 мугалим, 380 окуучу катышкандыгы, ар бир мектепте 10-класста эки, 11-класста эки сабактан өтүлгөндүгү белгилүү болду. Изденүүчү К.Ш. Иманакунова педагогикалык эксперименттин этаптарын, жүрүшүн жана жыйынтыктарын кеңири сыпаттап, экспериментти уюштуруу жана жүргүзүүнүн жалпы маселелерин белгилеп, сунуштаган технологиясынын натыйжалуулугун тастыктады.

Изилдөөнүн жүрүшүндө изденүүчү К.Ш. Иманакунова окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн макалдарды колдонуу аркылуу өркүндөтүү өзгөчөлүгүн жакшы билгендигин, анын иштелип чыккан технологиясындагы фундаменталдуу маселелер менен жетиштүү деңгээлдеги тааныштыгын, өз алдынча илимий-методикалык изденүүгө жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй натыйжалар алынды:

1. Кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында колдонуунун максат-милдеттери, мүмкүнчүлүктөрү аныкталды (натыйжа жарым-жартылай жаңы);

- кыргыз тили сабагында макалдарды колдонуунун тажрыйбалары талданды (натыйжа жарым-жартылай жаңы);

-кыргыз макалдарын кыргыз тили сабагында окуучулардын тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында колдонуунун технологиясы иштелип чыкты (натыйжа жаңы);

-сунуш кылынган окутуу технологиясынын натыйжалуулугу эксперименттик жол менен текшерилди (натыйжа жаңы).

Негизги жоболор диссертацияда да, авторефератта да так, логикалык жактан даана аргументтелген, диссертациянын башында берилген мазмуну анын жалпы түзүлүшүн даана көрсөтүп турат.

К.Ш. Иманакунованын изилдөөсүнүн илимий аппараты изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп берет. Изденүүчүнүн илимий даярдыгынын негиздүүлүгүн 129 аталыштан турган библиографиясы тастыктайт.

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички логикалык ырааттуулугу жана бүтүндүгү менен мүнөздөлөт. Талдоолор, сунуштар менен тыянактар ырааттуулук жана улантмалуулук талаптарына ылайык иштелген.

Диссертациянын негизги жоболору жарыяланган. Публикациялар адекваттуу жана жетиштүү түрдө, изилдөөнүн маңызын чагылдырат (14 илимий макала, 1 методикалык колдонмо).

Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары окутуу процессин өркүндөтүүгө, аны кесиптик багытта жүргүзүүгө, тилчи-мугалимдерди, окутуучуларды, аспиранттарды даярдоо учурунда атайын курстарда пайдаланса болот.

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна төп келет жана “Кыргыз Республикасында окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартибинин жоболорунда” белгиленген критерийлерге жооп берет.

Ошону менен бирге илимий изилдөөдө айрым кемчиликтер да кезигет:

1. Диссертацияда техникалык, орфографиялык каталар, стилистикалык мүчүлүштүктөр орун алгандыгын, айрым

сүйлөмдөр ойду так бербей калгандыгын (диссертациянын 6, 23, 49, 53, 60-беттери, авторефераттын 8, 9, 10, 17-беттери) белгилөөгө болот. Диссертацияда жана авторефератта педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарын мүнөздөй турган маалыматтар 3.2.4. таблицасында так берилбей калган.

Жогорудагы сын пикирлер рецензияланып жаткан илимий эмгектин жалпы оң баасын буза албайт.

Жыйынтыктап айтканда, Күлнар Шеримбековна Иманакунованын «Орто мектептерде кыргыз тили сабактарында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы” аттуу диссертациясы “КРдин “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун” 9-пунктуна жооп берет, ал эми диссертант К.Ш. Иманакунова 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**Педагогика илимдеринин доктору,**
**КРСУнун кыргыз тили кафедрасынын**
**башчысы** **К.А. Биялиев**

Подпись заверяю
Начальник
Управления кадров
ГОУВПО КРСУ

13.11.2017 г.

Дата поступления
отзыва в ДС 13 ноябр 17г
Уч. секр ДС Д13.16.527
Сансурбаева Д.К.